# Т. Абдымомунов атындагы Жаны-Алыш орто мектебинин

# камкорчулар кенешинин

# Жобосу

Көзөмөлчүлөр кеңеши төмөнкү ченем укуктук актылардын негизинде иш алып барат:

1.Кыргыз Республикасынын Конституциясы

2.Кыргыз Республикасынын билим берүү жөнүндө мыйзамы.(30.04.2003-ж№92)

3.Кеңеш 2014-ж 30-май №31 "Көзөмөлчүлөр кеңеши жөнүндө мыйзамына"

**Кеңештин максаты**:

Кеңештин максаты кызмат көрсөтүүлөрдү берүүнүн сапатын, социалдык чөйрөдөгү мекемелердин ишинин айкындыгын жана бюджеттик эмес каражаттарды пайдалануунун натыйжалуулугун жогорулатууга көмөктөшүү.

**Кеңештин милдеттери**:

1. Социалдык чөйрөдөгү мекемелердин ишин натыйжалуу уюштуруу үчүн шарттарды түзүүгө көмөктөшүү;
2. Социалдык чөйрөдөгү мектептин уставдык максаттарына жана милдеттерине жетүүсүнө көмөктөшүү;
3. .Мамлекеттик органдардын, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын жарандык коомдук уюмдар менен, ошондой эле эл аралык уюмдар менен натыйжалуу өз ара аракеттенүүсүнө көмөктөшүү;
4. Социалдык чөйрөдөгү мекемелерге Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына карама-каршы келбеген каржылоонун кошумча булактарына тартуу.

**Кеңеш төмөнкүлөргө милдеттүү**:

1. Кеңештин ишинин бир жылдык планы иштеп чыгууга жана бекитүүгө;
2. Социалдык чөйрөдөгү мекеменин иши жөнүндө коомчулукка маалымдоого көмөктөшүүгө;
3. Ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдардын талабы боюнча өз иши жөнүндө отчетторду берүүгө;

**Кеңештин мүчөлөрү төмөнкүлөр боло алышат:**

-11 кишиден турган камкорчулар кеңешинин түзүү боюнча комиссия түзүлөт (Ал комиссиянын курамы ата-энелер комитетинен, айыл өкмөтүнөн, айыл башчысы, жаштар коомчулугунан, энелер мектебинен, педагогикалык коллективден турат)
Көзөмөлчүлөр кеңешине мүчөлүккө кулактандыруу жарыяланат.

-Кеңештин мүчөлөрүнө талапкер, сунуштама берилген күндөн тарта үч күндүн ичинде бекитилет. Ушул эле күндөрдүн ичинде баш тартууга укуктуу.
-Кеңештин курамы 15 кишиден турат.
-Кеңештин мүчөсү болуп бир эле адам чексиз жолу болууга укуктуу.

-Кеңештин мүчөлөрүнө талапкер, сунуштама берилген күндөн тарта үч күндүн ичинде бекитилет. Ушул эле күндөрдүн ичинде баш тартууга укуктуу.
-Кеңештин курамы 15 кишиден турат.
-Кеңештин мүчөсү болуп бир эле адам чексиз жолу болууга укуктуу.

**Кеңештин мүчөлөрүнүн укуктары**:
-Соиалдык чөйрөдөгү мекемеде өткөрүлүүчү чогулуштарга жана жыйналыштарга байкоочулардын статусунда катышууга;
-Кеңеш, жергиликтүү кеңеш жана социалдык чөйрөдөгү ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган тарабынан түзүлгөн комиссиялардын, жумушчу топтордун иштерине катышууга;
-Кеңештин төрагасынын жана башка мүчөлөрүнүн ыйгарым укуктарын мөөнөтүнөн мурда токтотуунун демилгелөөгө.

**Кеңештин мүчөлөрү төмөнкүгө милдеттүү:**
-Кеңеш оз ишин карандысыздык , айкындуулук, коллегиалуулук, ак ниеттүүлүк, мыйзамдуулук принциптеринде жүзөгө ашырат.
-Кеңештин төрагасы ачык добуш берүү менен, Кеңештин мүчөлорүнүн жалпы санынын көпчүлүгүнүн добушу менен бир жылдык мөөнөткө шайланат, Кеңештин төрагасын шайлоого талапкерлер Кеңештин мүчөлөрү тарабынан же болбосо өзүн-өзү көрсөтүү тартибинде көрсөтүлөт.

- Кеңештин мүчөлөрү "Кыргыз Республикасынын Көзөмөлчүлүк кеңеши Жөнүндөгү" мыйзамынын чегинде ишин токтотот.
- Кеңештин төрагасы жана катчысы жыл сайын шайланып турат.

**Кеңештин төрагасынын милдеттери**:
- Кеңештин ишин уюштурат, ошондой эле мамлекеттик органдар, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жана башка уюмдар менен өз ара мамиледе Кеңештин атынын чыгат;
- Жыйналыштарды чакырат кеңештин жыйналыштарында кароо үчүн киргизилүүчү маселелерди аныктайт;
- Кеңештин жыйналыштарында төрагалык кылат
- Кеңештин чечимдерине ылайык башка иш милдеттерди аткарат;

- Кеңештин төрагасы өз иш милдеттерин аткарбаган же талаптагыдай аткарбаган учурда анын ыйгарым укуктары кеңештин мүчөлөрүнүн үчтөн экисинин кем эмесинин чечими менен мөөнөтүнөн мурда токтотулушу мүмкүн

**Кеңештин катчысынын милдеттери**:
- Кеңештин жыйналыштарын даярдоону камсыз кылат
- Кеңештин мүчөлөрүнөн жыйналышты өткөрүүнүн датасы жана орду жөнүндө кабар берет
- Кеңештин жыйналышынын протоколун жүргүзөт
- Кеңештин иш кагаздарын уюштурат анаын чечимдерин аткарылыш мөөнөттөрүн көзөмөлдойт
- Кеңештин жана анын төрагасынын тапшырмаларына ылайык башка иш милдеттерди аткарат

Мектеп директору: Касаналиева А